***Ажыбаева З., Байгозуева Н.*.**

## Б.Алыкуловдун санат-насыят, терме ырларынын тили

Б.Алыкулов эки доорду тең көрүп, калың эл баштан кечирген түрдүү тагдырларды жүрөгү менен туюп, дилинде таанып, тилинде ырдаган-даанышман акын. Табиятынан чанда кездешүүчү тубаса талантка эгедер акындын ырлары бүгүнкү күндө да эл оозунан түшпөй, тагдыры тарых болуп, жашоосу жомокко айланып өз маанисин жоготпой келет. Анын ырлары өз заманындагы акындардан кечигип жыйналып, изилденип басмадан кеч жарык көрсө дагы өз окурмандарын жана аткаруучуларын таба алды десек болот. Анткени акындын аткаруу стили, төкмөлүк чеберчилиги, жараткан ырларынын идеялык мазмуну жалпыга тиешелүү болбогон өзгөчөлүккө ээ.

Барпынын акындык дараметине, анын өзгөчөлүгүнө белгилүү адабиятчы-сынчы К.Даутов: «Барпы элүү жылдап, жүз жылдап барып бир чыкчу гениалдуу талант болгон сыяктуу эле, чанда бир адамдарда кездешчү өтө кызыктуу, өтө мазмундуу, өтө трагедиялуу зор тагдыр күтүп өткөн улуу адам, улуу личность болгон»[1] деп баа берет.

Акындын адам жаратылышындагы аң-сезиминен тарта нарк-насили, адат, пейилдери оң жана терс сапаттык белгилери бардык жанрлардагы чыгармаларынын мазмунун түзүп турат. Ал ырларынын тереңинде жаткан элдик моралды, адамдык психоизмди даңазалоого, эстетикалуу кепти тандап аны куюлуштуруп колдонуу аркылуу жетишкен. Даанышман акын адам мүнөзүндөгү айырмачылыктарды: ыйман-ырайымсыздык, адептүү-адепсиздик, арамдык менен аруулук, жакшылык менен жамандык – бардыгын адамдар көтөрүп жүрөөрү, бул мүнөздүк сапаттар ар бир адамдын жашоо маңызын шарттап тураары жөнүндө терең философиялуу ой жүгүртө билген жана аны ырларында санат-насыят, терме катары айта алган.

Оюну болот кызыктын,
Оңолбойт пейли бузуктун.
Кайыры болбойт катыктын,
Сөзү элге жакпайт тантыктын.

«Санат-насыят, термелердин башка лирикалык жанрларга салыштырганда төкмөлүк касиетин көркөмдүк сапаты басымдуулук кылып, кыргыз элдик поэзиясына мүнөздүү болгон бардык көз караштары эркин өнүккөн ритм, рифманын ыңгайланышы, уйкаштыктын бардык түрлөрү, троптун байлыгы өзгөчө ажайып кулачын жаят»[1]. Барпынын санат-насыят, терме багытындагы ырларында элдик тилдин бай үлгүлөрү: афоризмдер, учкул сөздөр, фразеологиялык айкаштар, акылман ойлор, троптун түрлөрү төкмөлүк таланттын көркүн ачса, элдик поэзияга мүнөздүү болгон уйкаштыктын түрлөрү ырдын курулушундагы тыбыштык үндөшүүлөргө ыргак жаратып, кептин ритмине таасирин тийгизет.

Кар эрисе суу болот,
Картайса сакал куу болот.
Элинде бузук бар болсо,
Арасында чуу болот.

«Болот» деген жогорку санаттагы муундук түзүлүштөр бирдей болуп, сөздөрдүн бөлүнүшү, басымдын коюлушу, кайталоолор ырдын поэтикалык ыргагын жогорку деңгээлге көтөрө алды.

Б.Алыкуловдун санат-насыяттарынын ажарын ачып, поэтикалык түзүлүшүнүн көркөмдүк деңгээлин арттырган көркөм каражат-редифтик уйкаштык. «Редифтик татаал уйкаштыктар рифманын ыр курулушундагы ченемдерди иретке салып, ырдын касиетин бузбастан, улам кийинки түгөйлөрүнө шарт түзүп берип турат»[3]. Бул көрүнүш акындын обондуу ырларында айкын көрүнөт:

Камчыңды алып сен турдуң, досум,
Калпагың алып мен турдум, досум.

---

[1] [illegible],2003.12-[illegible].
[1] Кыргыз адабиятынын тарыхы. Бишкек, 2004. I том. 227-б.
[3] Кыргыз адабиятынын тарыхы. I том. Б.2004. 228-б.

Калпагың качып кийгиздим, досум,
Каңтарган атың мингиздим, досум.

Мында редифтик татаал уйкаштыкты жаратуучу тилдик каражаттар «досум» каратма сөзүнүн кайталанышы ырдын аягында келип, улам кийинки ойдун жаралышын шарттап турат жана ыр түзүлүшүнүн ортосундагы чакчыл «-ып» жана I жактын «-ым», II жактын «-ың» мүчөлөрү да ыр курулушундагы рифмалык талаптарды аткаруу менен поэтикалык санаттын көркөмдүүлүгүн арттырды.

Санат-насыят, терме ырларынын поэтикалык түзүлүшүндө аллитерация, ассонанс кубулуштары да негизги ролду ойнойт. Мындай кубулуштар Барпынын тилинде арбын кездешип бул жанрдагы чыгармачылыгынын поэтикалык сапатын жогорулатат:

Ак калпактуу кыргызда,
Асыл жигит жакшы экен.
Айтканынан кайтпаган,
Акыл жигит жакшы экен.

«Санат» ырындагы ар бир строфанын башталышындагы «а» тыбышынын ыргактуу кайталанышы менен аллитерациялык кубулуш аркылуу жамандан качып, жакшыга үндөөчү адеп тарбиясын берүү жагы күчөтүлгөн. Ал эми

Жакшыны жакшы билет сымбатын,
Жаман кайдан билет адамдын кымбатын.
Жакшыны айтса дарт козуп,
Жакшынын аты ак бозуп,
Жалпайган жаман алгыча,
Жалаасына калгыча,
Жалгыз ганаке жатсаң жанкозуп.

деген насыят маанисиндеги саптары ассонанс кубулушунун шөкөттөөсү менен адам турмушундагы жолугуучу жакшы-жаман көрүнүштөргө таамай аныктама берилип корутундуланган.

Барпы акындын санат-насыят, терме ырларындагы байланыш, белгилүү бир мазмундун гана айланасында болбостон, коомдогу ар кандай жагдайлардагы бир мүнөз сапатка ээ болгондор тандалып, алардын ички байланыштары реалдуу көрсөтүлөт:

Желдети даяр союшка,
Жалынтып көздү оюшка.
Желдет, канкор, хан, бектер
Жардамыны көрсөткөн,
Казы менен болушка.

Мында залим хан, бий, болуштарды «канкор» деген терс маанилүү сөз аркылуу эмоционалдык сезимди күчөткөн.

Санат-насыят, терме ырлар бир составдуу сүйлөмдөрдүн колдонулушу боюнча да өзгөчөлүккө ээ. Бул ырларда атама сүйлөмдөр кезикпейт. Анткени бул ырлар адам жашоосунун кайсы багытына гана арналбасын, анын алдына үгүт, тарбия максаты коюлат. Турмуштагы оң жана терс көрүнүштөрдөн үлгү алууга, жаман көрүнүштөрдөн качууга үндөп тарбиялык маани берет. Ал эми атама сүйлөмдөр жазуу речте стилдик бир ыкма катары белгилүү бир көрүнүштү сүрөттөө, баяндоо максатында гана иштетилет.

Демек санат-насыят, терме, үгүт ырланынын текстинде турмуштук көрүнүштөр жалпыланып да кээде конкреттүү жак менен байланышып да келе берет. Мындай ырлардын мааниси аныктама, жамдама, туюк жана жаксыз сүйлөмдөр аркылуу берилет.

Башта десең санатты,
Баштан айтып берейин
Бала-бакыра, кыз-кыркын
Жашынан айтып берейин
Ойлоп көрсөм калайык,
Орундуу иш олуттун.
Айтылуу сөздөн кайтпаган
Көңүлү бекем орустун.

Санат-насыяттарда баяндооч көбүнчө II жана III жакта айтылат. Анткени акыл, насаат, кеңеш айтууда бул формалар ыңгайлуу каражаттар болуп саналат.

Туюк жактуу сүйлөмдөрдүн баяндоочу шарттуу ыңгайдын – са мүчөсү аркылуу берилип, термелердин мааниси күчөтүлөт:

Арчанын саясы жок, шак болбосо,
Булбул куш кайда сайрайт, бак болбосо?

мында «-са» формасы ырдагы уйкаштыкты жаратып, ойду көркөм, так таасирдүү берди.

Макал-лакаптардын түздөн-түз кездешкен формалары өзгөчө ыргак менен айтылып Барпынын санат ырларынын мазмунун байытып, көрктүүлүгүн арттырат:

Жамгырдын кыян сели жерди бузат,
Адамдан чыккан бузук элди бузат.

«Бузук» деген бул ырдын текстинде эл оозунда айтылып келген «Жерди сел бузат, адамды адам бузат» деген макал камтылып, адам мүнөзүндөгү терс сапаттардын зыяндуу жактарына басым жасалган.

Афоризмдердеги, учкул сөз, акыл сөздөрдөгү философиялык түшүнүктөр дээринен философиялуу ойлонгон акындын ырларын ар тараптан шөкөттөп, угармандардын кулак кычуусун кандырып, акындын оюн реалдуу чагылдырып берүүдө эң көп иштетилген. Автор мындай тилдик каражаттарды өз чыгармаларында ийкемдүү колдонуп элдин руханий дөөлөттөрүнүн көөнөргүс сабын толуктай алган. Анын чыгармаларынын стилдик өзгөчөлүктөрүн, баалуу мурастарын бир эле макалага сыйдыруу мүмкүн эмес. Акындын чыгармаларынын жанрдык түрлөрүнө карай лингвистикалык талдоо жүргүзүү алдыдагы актуалдуу маселелерден.

## Адабияттар


1. Барпы. Түзгөн Т.Байзаков.-Ф. 1970.
2. Даутов К. Албан кырдуу алп акындын дүйнөсү. –Б.2003.
3. Танаев Т. Кыргыз фольклорундагы лирикалык жанрлар. I китеп. Ош-1998.


* * *